# 1. Окуучулардын билим сапаты жана жетишүүсү боюнча маалымат

| Окуу жылы | 2018-2019-ж | 2019-2020-ж | 2020-2021-ж | 2021-2022-ж | 2022-2023-ж |
|---|---|---|---|---|---|
| Окуучунун саны | **406** | **421** | **381** | **397** | **424** |
| Билим сапаты (% менен) | **49%** | **54%** | **52%** | **52%** | **52%** |
| Жетишүүсү | **100%** | **100%** | **100%** | **100%** | **100%** |

## 2017-2022-окуу жылында Жалпы Республикалык тест боюнча көрсөткүчтөр:

| Балл | 2017-2018-о.ж | 2018-2019-о.ж | 2019-2020-о.ж | 2020-2021-о.ж | 2021-2022-о.ж |
|---|---|---|---|---|---|
| Катышкан окуучунун саны | 12 | 5 | - | 6 | 9 |
| 109 баллга чейин | 7 | 3 | | 2 | 4 |
| 110-170 баллга чейин | 5 | 2 | | 4 | 5 |
| Орточо баллы: | 116 | 105 | - | 125 | 107 |

Ташибаева, тиешелүү иштерди жүргүзүңүз.
18.03.22

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНДУК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОННЫЙ ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ**

# Б У Й Р У К

# П Р И К А З

**“18” март 2022. ж/г. №86** **Базар-Коргон шаары**

**2021-2022-окуу жылында Кыргыз Республикасынын негизги жалпы,орто жалпы билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарында 2021-2022-окуу жылын уюшкандыкта аяктоо жана “ Билим берүүнүн негизги жалпы орто билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу “ 2019-жылдын 22-мартындагы №304/1 буйругун жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 3-мартындагы №264\1 буйругун аткаруу максатында **буйрук кылам:**

1. 2021-2022-окуу жылы Кыргыз Республикасынын бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарында 2022-жылдын 8-июнунда аякталсын.

2 . Негизги мамлекттик сынактын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү мөөнөттөрү жана түрлөрү бекитилсин:

- окутуу кыргыз,орус , өзбек тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын IX класстын бүтүрүүчүлөрү үчүн 1-июндан 22-июнга чейин беш сабак ( анын ичинен төрт милдетүү , бир тандоо боюнча ) өткөрүлсүн:

- математикадан ( алгебрадан ) комплекстүү тест ( жазуу түрүндө ) – 11-июнда;

- эне тилинен дилбаяндын элементтери менен баяндама- 14-июнда;

- кыргыз тилинен ( орус , өзбек тилинде окутулган класстарда) жана орус тилинен ( окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстарда ) комплекстүү тест ( жазуу түрүндө) -20-июнда;

- Кыргызстан тарыхынан ( оозеки ) – 17-июнда;

- окуучулардын тандоосу боюнча сабактан жалпы билим берүү мектептери үчүн сабак (сабактар) тереңдетип окутулган мектеп - гимназиялар үчүн базалык көлөмдөн тышкар өтүлгөн темалар , бөлүмдөрдү эске эске алуу менен профилдик сабак боюнча кошумча сынактын өткөрүү убактысын жалпы билим берүү уюму өзү белгилейт.

- окутуу кыргыз,орус өзбек тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын XI класстын бүтүрүүчүлөрү үчүн 11-июндан 23-июнга чейинки убакытта беш милдеттүү сабак боюнча ( анын ичинде бир сабак тандоосу боюнча ) өткөрүлсүн

- эне тили жана адабиятынан (эссе) -11-июнда ;

- математикадан ( алгебрадан ) комплекстүү тест ( жазуу түрүндө) – 14-июнда;

- Кыргызстандын тарыхынан ( оозеки) -20-июнда ;

- кыргыз тилинен ( орус, өзбек тилинде окутулган класстарда) жана ( же ) орус тилинен ( окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстарда ) комплектүү тест (жазуу түрүндө) – 17-июнда.

- окуучулардын тандоосу боюнча сабактан ;

- сабак ( сабактар ) тереңдетип окутулган мектеп- гимназиялар үчүн темаларды, бөлүмдөрдү эске алуу менен бир ( эки) профилдик сабак боюнча кошумча сынактын өткөрүү убактысын жалпы билим берүү уюму өзү белгилейт.

3. IX .XI класстардын бүтүрүүчүлөрү үчүн 2022-жылдын 30-майынан баштап 7-июнга чейин сабактан тышкаркы убакта дене тарбиясы боюнча зачет өткөрүлсүн.

4. Негизги мамлекеттик сынактын жазуу түрүндөгү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы бекитилген талаптарга ылайык саат 9.00 дө башталат деп белгиленсин.

5. Билим берүүнүн негизги жалпы орто билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын атайын Жобого ылайык белгиленген мөөнөттөрдө , бүтүрүүчүлөрдүн коопсуздугун сактоо менен толук катыштыруу мектеп директорлоруна милдеттендирилсин.

6. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысынын орун басары М.Бурканoвко жүктөлсүн.

Башчы: С.К.Сариев

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНДУК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ**
**ТЕШЕБАЙ ИСАК УУЛУ АТЫНДАГЫ №35 ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКТЕБИ МЕКЕМЕСИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОННЫЙ ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ**
**УЧРЕЖДЕНИЕ ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ СРЕДНЯЯ ШКОЛА №35 ИМЕНИ ТЕШЕБАЯ ИСАК УУЛУ**

# Б У Й Р У К

# П Р И К А З

"18" 03 2022-ж/г № 33 Колот айылы

2021-2022-окуу жылында Кыргыз Республикасынын негизги жалпы,орто жалпы билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндөгү райондук билим берүү бөлүмүнүн 2022-жылдын 18-мартындагы № 86 буйругун аткарууга алуу максатында **буйрук кылам:**

1. "Билим берүүнүн негизги жалпы,орто жалпы билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу" 2019-жылдын 22-мартындагы №304/1 буйругун жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 3-мартындагы №264/1 буйругунун негизинде мектепте окуу жылы 8-июнда аяктаары окуучуларга,коомчулукка маалымдалсын.

2. Негизги мамлекеттик сынактын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү мөөнөттөрү буйрукта бекитилген тартипте жана тандоо предметтерин педагогикалык кеңешмеде карап,бекиттирүү жагы мектептин окуу бөлүм башчысы А.Тажибаевага жүктөлсүн.

3. 9-11-класстардын бүтүрүүчүлөрү үчүн дене тарбиясы боюнча зачетту 30-майдан тартып,7-июнга чейин өткөрүү жагы мектептин дене тарбия мугалими К.Маматовго жүктөлсүн.

4. Билим берүүнүн негизги.жалпы орто билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын атайын Жобого ылайык белгиленген мөөнөттөрдө бүтүрүүчүлөрдүн коопсуздугун сактоо менен толук катыштыруу, ата-энелерге түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жагы 9-класстын жетекчилери Г.Темиркулова,Ж.Ташматовага жана 11-класстын жетекчиси Т.Насердиновага жүктөлсүн.

5. Буйрукту ишке ашыруу жоопкерчилиги окуу бөлүм башчысы А.Тажибаевага милдеттендирилсин.

6. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

Мектеп директору: Т.Рахманова

31

Бекитемин

Мектеп директору: Т.Рахманов

"___" ________ 2022-ж

Бекитемин

Райондук билим берүү бөлүмүнүн

башчысы: С.Сариев

"___" ________ 2022-ж

Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектебинин
2021-2022-окуу жылында тапшырылуучу бүтүрүү сынактарынын жадыбалы.

| Класс | Сынак алуучу сабак | Сынак алуучу күн | Сааты | Конс.өтүүчү күн | Сааты | Сынак алуучу мугалим | Жардамчы мугалим | Сынак комиссиясынын төрайымы(агасы) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 9-кл | Математика комплек. тест (жазуу) | 11.06 | $9^{00}$ | 9.06-10.06 | $9^{00}$ | Тажибаева А | Рахманова Т Кыргызбаева Н. | Насердинова Т |
| 9-кл | Эне тили жана адабияты (баяндама) | 14.06 | $9^{00}$ | 13.06 | $9^{00}$ | Садиров Б | Амангелди к А Эркулова Р | Тажибаева А |
| 9-кл | Орус тили жана адабияты комплексттүү тест (жазуу) | 20.06 | $9^{00}$ | 18.06 | $9^{00}$ | Джабарова Д | Оморова И Садиров Б | Амангелди к А |
| 9-кл | Кыргызстан тарыхы (оозеки) | 17.06 | $9^{00}$ | 15.06-16.06 | $9^{00}$ | Абдимиталипова С | Жолдошова С Темиркулова Г | Тажибаева А |
| 9-кл | география (оозеки) | 22.06 | $9^{00}$ | 21.06 | $9^{00}$ | Темиркулова Г | Жолдошова С Темиров М | Абдимиталипова С |
| 11-кл | Эне тили жана адабияты (эссе жазуу) | 11.06 | $9^{00}$ | 9.06-10.06 | $9^{00}$ | Садиров Б | Амангелди к А Эркулова Р | Рахманова Т |
| 11-кл | Математика комплек. тест (жазуу) | 14.06 | $9^{00}$ | 13.06 | $9^{00}$ | Насердинова Т | Тажибаева Т Кыргызбаева Н. | Рахманова Т |
| 11-кл | Орус тили жана адабияты комплексттүү тест (жазуу) | 17.06 | $9^{00}$ | 15.06-16.06 | $9^{00}$ | Джабарова Д | Оморова И Садиров Б | Амангелди к А |
| 11-кл | Кыргызстан тарыхы (оозеки) | 20.06 | $9^{00}$ | 18.06 | $9^{00}$ | Абдимиталипова С | Жолдошова С Темиркулова Г | Насердинова Т |
| 11-кл | Биология (оозеки) | 22.06 | $9^{00}$ | 21.06 | $9^{00}$ | Жолдошова С | Темиркулова Г Темиров М | Абдимиталипова С |

Текшерилди РБББ адиси: Айдарова Б. Окуу бөлүмүнүн башчысы: Тажибаева А

Тешебай Исак уулу атындагы №35 ж.б.б. орто мектебиинин 11-классынын ата-энелер чогулушунун

протоколу.

Колот айылы 30.04.2022

Каралуучу маселелер.

1. Ата-энелерди ЖМАнын жобосу менен тааныштыруу.
2. Акыркы коңгуроо, аттестаттарды тапшыруу салтанаты күндөрдөгү окуучулардын коопсуздугу жөнүндө.

Угулду:

1.Күн тартибиндеги 1-маселе боюнча класс жетекчи Насердинова Тургунбү сөзгө чыкты. Ал өз сөзүндө ЖМАнын жобосу менен ата-энелерди тааныштырды. 2021-2022-окуу жылында ЖМА 11-июнь күнү башталат. Төрт сабактан милдеттүү түрдө, бирөө тандоо катары алынат. Тандоо сынагы окуучулардын тандоосу менен биология сабагынан тапшырышат. ЖМАга бир "канааттандыраралык эмес" баасы бар окуучу киргизилет. Ал эми эки сабактан "канааттандырарлык эмес" баасы бар окуучу ЖМА га педкеңешменин токтому менен киргизилбейт. Эгерде зарыл болсо дары-дармектерди алып кирүүгө мүмкүн, ал эми уюлдук телефон, справочник, таблица, калькулятор алып киргенге мүмкүн эмес. ЖМА саат 9.00 до башталат. Кошумча даярдыктар коюлган жадыбал боюнча жүргүзүлөт.

11.06 Кыргыз тили жана адабиятынан эссе
14.06 Математикадан комплекстүү тест
17.06 Орус тилинен комплекстүү тест
20.06 Тарых оозеки
22.06 Биология оозеки сынактары алынат.

Сынак тапшыруучу окуучулардын о.э. ата-энелеринин укук, милдеттери менен тааныштырды.

2-маселе Акыркы коңгуроо майрамын өткөрүүдө жана бүтүрүүчү класстардын аттестат күбөлүктөрүн, документтерин тапшыруу салтанаттарын уюштурууда, ата-энелердин катышуусунда кафе-ресторандарга, табият, оюн-зоок жайларына бүтүрүү кечелерин белгилөөгө жана ата-энелердин материалдык, акчалай чыгымдарды мыйзамсыз түрдө чогултууга тыюу салынаары жөнүндө ата-энелер арасында түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, сынактардан, аттестат, күбөлүктөрдү тапшыруу салтанатынан кийинки мезгилдеги окуучулардын коопсуздуктарынын жоопкерчилиги ата-энелерге милдеттендирилди. Ата-энелерден жана окуучулардан мыйзамсыз түрдө акча чогултууга, мыйзамсыз экскурцияларды уюштурууга да тыюу салынгандыгын айтып, ата-энелер арасында класс жетекчи тарабынан түшүндүрүү иштери

жүргүзүлдү. Мектеп окуучуларына автоунаа каражаттарын башкарууга тыюу салынаары жөнүндө да айтып өттү.

Жарыш сөзгө чыккан ата-энелер Мадалиев Ильяс, Абдуллаева Бактыгүл ж.б. окуучулардын коопсуздугу үчүн ата-энелер жооптуу экендиги туура маселе экендигине жана мектептен сырткаркы мезгилдеги коопсуздугун көзөмөлдөө өз милдеттери экендигине токтолушту.

Жогоркуларды угуп жана талкуулап чогулуш токтом кылат:

1. Ата-эне жана окуучулар ЖМА нын жобосу менен тааныштырылгандыгы белгиленсин.
2. ЖМА жана ага даярдыктын жадыбалын билип, андан сырткаркы мезгилде окуучуларды көзөмөлдөө ата-энелерге милдеттендирилсин.
3. Акыркы коңгуроо майрамын өткөрүүдө жана бүтүрүүчү класстардын аттестат күбөлүктөрүн, документтерин тапшыруу салтанаттарын уюштурууда, ата-энелердин катышуусунда кафе-ресторандарга, табият, оюн-зоок жайларына бүтүрүү кечелерин белгилөөгө жана ата-энелердин материалдык, акчалай чыгымдарды мыйзамсыз түрдө чогултууга тыюу салынаары жөнүндө ата-энелер арасында түшүндүрүү иштери жүргүзүлүлгөндүгү белгиленсин.
4. Мектеп окуучуларына авто.унаа каражаттарын башкарууга тыюу салынаарын маалымдалсын.
5. Акыркы коңгуроо салтанатынан кийин о.э. аттестат тапшыруу салтанатынан кийин окуучулардын ата-энелердин көзөмөлүндө болуп, алар үчүн жооптуу болуп ата-энелер эсептелээри эскертилсин.

Класс жетекчиси: [signature] Т.Насердинова